УДК: 376:37. 014.53
DOI 10.33514/1694-7851-2025-3/1-148-157

**Иманкулова С.Э.**
педагогика илимдеринин кандидаты, доцент
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
saadatesen@gmail.com

## ИНКЛЮЗИВДИК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ТАРЫХЫЙ ЖАНА ЭЛ АРАЛЫК ТАЖРЫЙБАЛАРЫ

**Аннотация.** Бул макалада инклюзивдик билим берүүнүн тарыхый өнүгүүсү жана эл аралык тажрыйбалары талданат. Инклюзивдик билим берүү – ар бир баланын жынысына, этностук таандыгына, тилине, социалдык абалына, ден соолук өзгөчөлүктөрүнө карабастан, сапаттуу билим алууга жана коомдук жашоого аралашууга тең укуктуу шарт түзүүчү билим берүү системасынын маанилүү багыты катары мүнөздөлөт. Автор инклюзивдик билим берүүнүн тарыхый башаттарын XIX кылымдагы атайын билим берүү системасынан баштап карап чыгып, XX кылымдагы интеграциялык өзгөрүүлөрдү жана XXI кылымдагы инклюзиялык саясаттын кеңири жайылышын изилдеген.

Макалада Саламанк декларациясы, Бала укуктары боюнча Конвенция сыяктуу эл аралык документтердин ролуна кеңири токтолуп, алардын дүйнөлүк билим берүү саясатына тийгизген таасири көрсөтүлгөн. Ошондой эле Европа өлкөлөрүнүн, АКШнын жана Азия өлкөлөрүнүн инклюзивдик билим берүү тажрыйбалары салыштырмалуу талданат. Кыргызстандын билим берүү системасында инклюзиянын өнүгүүсү, укуктук-ченемдик негиздери жана практикалык кадамдары өзүнчө белгиленген.

Жыйынтыгында инклюзивдик билим берүүнүн ийгиликтүү ишке ашырылышы үчүн мамлекеттик саясаттын туруктуулугу, мугалимдердин кесиптик даярдыгы, ата-энелердин жана коомчулуктун колдоосу негизги шарт экени белгиленет.

**Негизги сөздөр:** Инклюзивдик билим берүү, социалдашуу, мүмкүнчүлүгү чектелген балдар, тең укуктуулук, билим алуу укугу, ата-эне катышуусу, педагогдордун колдоосу, интеграция, толеранттуулук, социалдык өнүгүү, жеткиликтүүлүк, сапаттуу билим.

**Иманкулова С.Э.**
кандидат педагогических наук, доцент
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек

## ИСТОРИЧЕСКИЙ И МЕЖДУНАРОДНЫЙ ОПЫТ ИНКЛЮЗИВНОГО ОБРАЗОВАНИЯ

**Аннотация.** В данной статье анализируются историческое развитие и международный опыт инклюзивного образования. Инклюзивное образование рассматривается как важное направление системы образования, обеспечивающее равные условия для получения качественного образования и участия в общественной жизни каждого ребёнка, независимо от пола, этнической принадлежности, языка, социального положения и состояния здоровья.

Автор прослеживает истоки инклюзивного образования, начиная с XIX века, когда появились первые специальные школы, далее рассматривает интеграционные изменения XX века и широкое распространение политики инклюзии в XXI веке.

В статье подробно раскрывается роль международных документов, таких как Саламанкская декларация, Конвенция о правах ребёнка, и их влияние на мировую образовательную политику. Также проводится сравнительный анализ опыта инклюзивного образования в странах Европы, США и странах Азии. Особое внимание уделяется развитию инклюзии в системе образования Кыргызстана, её нормативно-правовым основам и практическим шагам.

В заключение подчеркивается, что успешная реализация инклюзивного образования требует устойчивой государственной политики, профессиональной подготовки педагогов, а также поддержки родителей и общества.

**Ключевые слова:** Инклюзивное образование, социализация, дети с ограниченными возможностями, равенство, право на образование, участие родителей, поддержка педагогов, интеграция, толерантность, социальное развитие, доступность, качественное образование.

**Imankulova S.E.**
Candidate of Pedagogical Sciences, Associate Professor
Kyrgyz state university named after I. Arabaev
Bishkek c.

## HISTORICAL AND INTERNATIONAL EXPERIENCE OF INCLUSIVE EDUCATION

**Abstract.** This article analyzes the historical development and international experience of inclusive education. Inclusive education is defined as an essential direction of the education system that ensures equal opportunities for every child to receive quality education and participate in social life, regardless of gender, ethnicity, language, social status, or health condition. The author traces the origins of inclusive education, beginning with the 19th century when the first special schools appeared, examines the integration trends of the 20th century, and highlights the widespread adoption of inclusive policies in the 21st century.

The article emphasizes the role of international documents such as the Salamanca Statement and the Convention on the Rights of the Child, showing their influence on global educational policies. A comparative analysis is provided of inclusive education practices in European countries, the United States, and Asian countries. Special attention is given to the development of inclusive education in Kyrgyzstan, including its legal framework and practical implementation.

The conclusion stresses that the successful realization of inclusive education depends on consistent state policy, professional teacher training, and the active support of parents and society.

**Key words:** inclusive education, socialization, children with disabilities, equality, right to education, parental involvement, teacher support, integration, tolerance, social development, accessibility, quality education

Инклюзивдик билим берүү бүгүнкү күндө дүйнөлүк билим берүү системасында актуалдуу маселелердин бири болуп эсептелет. Анын негизги максаты – ар бир баланын жынысына, этностук таандыгына, тилине, социалдык абалына, ден соолук өзгөчөлүктөрүнө карабастан, сапаттуу билим алууга жана коомдук жашоого толук кандуу аралашуусуна шарт

түзүү. Бул багыт коомдун демократиялык жана гуманисттик өнүгүүсүнүн маанилүү көрсөткүчү болуп саналат.

Инклюзивдик билим берүү окуучулардын социалдашуусунун, алардын мобилдүүлүгүн, дүйнөнү мамилелердин көп түрдүүлүгүндө таанып-билүүсүн өнүктүрүүнүн жолдорунун бири катары чыгат. Балдардын өз ара байланыштары ар бир баланын инсандык эмоционалдык өнүгүүсүнө жана айлана-чөйрөнү толугураак аңдоого шарт түзөт. Инклюзивдик билим берүү – бул балдар, ата-энелер, мугалимдер жана бүтүндөй коом тартылган процесс. Инклюзивдик окутуу ар бир катышуучуну жакшыртат, анткени ал ар бир адамды теңдик, сабырдуулук жана кабыл алуу сыяктуу баалуулуктарга үйрөтөт [2, б. 294].

Тарыхый булактар көрсөткөндөй, байыркы коомдордо өзгөчө муктаждыгы бар адамдардын укуктары дээрлик эске алынган эмес. Байыркы Грецияда жана Римде ден соолугу начар балдар коомго ашыкча жүк катары кабыл алынып, кээде өмүрүнө коркунуч туулушу да мүмкүн болгон. Орто кылымдарда болсо диний көз караштар үстөмдүк кылып, мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар «Кудайдын жазасы» катары бааланган.

XIX кылымдан тарта Европа өлкөлөрүндө гуманисттик идеялардын өнүгүшү менен бирге мүмкүнчүлүгү чектелген балдарга билим берүү маселеси күн тартибине коюла баштаган. Бул мезгилде Францияда, Германияда, Англияда жана АКШда дүлөй жана сокур балдар үчүн атайын мектептер ачылган. Окутуу өзүнчө системага ээ болуп, «атайын билим берүү» түшүнүгү калыптанган.

Х кылымдын акыркы он жылдыктарындагы илимий-техникалык прогресстин темптери, коомдук мамилелерди демократиялаштыруу процессинин мындан аркы өнүгүшү социалдык чөйрөдө өзгөрүүлөргө жана коомдук түзүлүш системасын кайра карап чыгууга алып келип, билим берүүдөгү интеграция процесстеринин өнүгүшүнө өбөлгө түздү. Психофизикалык өнүгүүсүндө кемчиликтери бар балдарды дени сак балдар үчүн арналган билим берүү мекемелерине интеграциялоо идеологиясы өткөн кылымдын 70-жылдарында эле (М. Рейнольдс, Е. Дено, М. Уорнак жана башкалар) пайда болгон [1].

1990-жылдары бир катар эл аралык актылардын кабыл алынышынын (Баары үчүн билим берүү боюнча Жомтьен декларациясы, 1990-ж.; Өзгөчө билим берүү муктаждыктары бар адамдардын билим берүү чөйрөсүндөгү принциптери, саясаты жана практикалык иши тууралуу Саламанка декларациясы, 1994-ж.; Дакар аракеттеринин алкагы, 2000-ж.) аркасында интеграция идеологиясы билим берүүнүн жаңы модели – инклюзивдик билим берүүнүн модели катары концептуалдык негизге ээ болгон [2].

Инклюзивдик билим берүүнүн калыптанышы жаңы инвалиддик моделдин түзүлүшү менен тыгыз байланыштуу. Медициналык инвалиддик моделдин ордуна социалдык модель келип, анда адамдын денелик, сенсордук жана менталдык бузулууларын жаңыча түшүнүк менен аныктоо башталган.

Европа өлкөлөрүндөгү инклюзивдик билим берүү боюнча тажрыйбаларга токтолуп кетсек. Мисалы, Скандинавия өлкөлөрү (Швеция, Норвегия, Дания) өлкөлөрүндө инклюзия эң жогорку деңгээлде ишке ашкан. Бул өлкөлөрдө инклюзия мамлекеттик деңгээлде бекемделип, билим берүү мыйзамдары ар бир баланын жалпы билим берүү системасында билим алышын кепилдейт. **Норвегияда** “School for All” концепциясы кабыл алынган, ал ар бир бала үчүн сапаттуу билим алуу укугун камсыздайт. Ар бир мектепте кошумча **педагогдор, ассистенттер жана дефектологдор** иштейт. Алар предметтик мугалимдер менен биргеликте сабак өтүп, өзгөчө муктаждыктары бар окуучуларды колдошот. Балдар үчүн **жеке билим берүү планы (Individual Education Plan)** түзүлөт. Бул план мугалим, ата-

эне жана адистер тарабынан биргелешип иштелет. Ата-энелер мектеп менен тыгыз кызматташат, билим берүү процессине активдүү тартылат. Мектеп администрациясы ата-энелер менен үзгүлтүксүз жолугушууларды өткөрүп турат. Швеция, Норвегия жана Данияда билим берүү системасы "тең мүмкүнчүлүк" принциптерине негизделет. Инклюзия – бул социалдык адилеттүүлүктүн маанилүү көрсөткүчү катары каралат.

Италиянын тажрыйбасы да инклюзивдик билим берүүнүн жогорку деңгээлде экенин билдирет. **1977-жыл** – "Легендарлуу 517-мыйзам" (Legge 517/1977) кабыл алынып, атайын мектептер расмий түрдө жабылган. Ошондон бери өзгөчө билим берүү муктаждыктары бар балдар жалпы билим берүү мектептеринде окуй башташкан. Бул мыйзам Италияны **дүйнөдөгү биринчи өлкөлөрдүн бири** катары инклюзивдик билим берүү системасына толугу менен өткөнүн тастыктаган. Италияда инклюзия социалдык баалуулук катары кабыл алынат: "Ар бир бала – коомдун толук укуктуу мүчөсү". Ата-энелер билим берүү процессине активдүү тартылып, мугалимдер менен бирге баланын өнүгүү траекториясын талкуулашат [7].

Инклюзивдик билим берүүнүн өнүгүп жатканын Германия жана Франция өлкөлөрүнүн да билим берүүсүнөн байкасак болот. Бул өлкөлөрдө да инклюзивдик билим берүү эң негизги орундарды ээлейт.

Германияда узак убакыт бою атайын мектептер иштеп келген жана өзгөчө муктаждыктары бар балдардын көбү ошол мектептерде билим алышкан. 2009-жылы Германия БУУнун "Инвалиддердин укуктары жөнүндө конвенциясына" кошулгандан кийин инклюзияны кеңейтүү мамлекеттик саясаттын маанилүү багыты болуп калды. Германияда азыр "кош модель" (дуалдык система) бар: атайын мектептер дагы иштейт, бирок акыркы жылдары жалпы мектептерге интеграция тенденциясы күч алды. Инклюзивдик класстарда атайын педагог иштеп, предметтик мугалим менен бирге сабак өтөт. Ар бир бала үчүн индивидуалдык окуу планы түзүлөт. Бул абдан чоң жетишкендиктердин бири десек жаңылышпайбыз.

Ал эми Францияда да көп жылдар бою өзгөчө муктаждыктары бар балдар үчүн атайын мектептер иштеп келген. 2005-жылы кабыл алынган "Мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын укуктары жөнүндө мыйзам" инклюзиянын жаңы этабын ачып, бардык балдардын билим алуу укугун мыйзам менен бекитти. Инклюзивдик билим берүү негизги орунда турат, бирок Франция "аралаш моделди" колдонот: Балдардын көбү жалпы мектептерде окуйт. Бирок атайын билим берүү борборлору дагы иштеп жатат [5].

Инклюзивдик билим берүүнүн өнүгүүсүндө Финляндия өлкөсүнүн да тажрыйбасына токтоло кетсек болот. Финляндия дүйнөдө эң ийгиликтүү билим берүү системасы менен таанымал жана инклюзия анын ажырагыс бөлүгү. Финляндияда – үч деңгээлдүү колдоо системасы иштейт:

− Жалпы колдоо (ар бир окуучуга берилет),

− Кошумча колдоо (окуудагы убактылуу кыйынчылыктарга жардам),

− Интенсивдүү/атайын колдоо (өзгөчө муктаждыктары бар окуучулар үчүн).

Бардык балдар жалпы мектепке барат, атайын мектептер дээрлик жок. Ар бир мектепте ресурс мугалимдери, ассистенттер, логопеддер, психологдор иштейт. Балдар үчүн жеке билим берүү планы түзүлөт. Мугалимдердин даярдыгы өтө жогорку деңгээлде. Финляндияда бардык мугалимдер магистрлик даражага ээ болушу керек. Ата-энелер менен кызматташуу активдүү. Инклюзия билим берүү системасынын "кадимки нормасы" катары кабыл алынган.

Инклюзивдик билим берүү тажрыйбасы бай мамлекеттердин бири бул Эстония болуп саналат. Эстония Балтика өлкөлөрүнүн ичинен инклюзияны ишке ашырууда алдыңкы орунда турат. 2010-жылдан бери билим берүү мыйзамдары инклюзивдик билим берүүнү милдеттүү норма катары бекиткен. Бардык балдар мүмкүн болушунча жалпы мектепке тартылат. Айрым өзгөчө муктаждыктары бар окуучулар үчүн ресурс класстар уюштурулган, бирок алар дагы мектептин ичинде иштейт. Мамлекеттик деңгээлде «өзгөчө билим берүү керектөөлөрү бар» түшүнүгү киргизилген.

Эстония санариптик билим берүү боюнча алдыңкы өлкөлөрдүн бири. Өзгөчө муктаждыктары бар окуучуларга технологиялык жардам (планшет, атайын программалар) активдүү колдонулат. Ар бир мектепте терапевт, психолог, логопед иштейт. Ата-энелер менен кызматташуу милдеттүү нормага айланган.

Инклюзивдик билим берүүдөгү дагы бир чоң жетишкендиктер АКШ мамлекетинде болуп жатат. 1975-ж. – Бардык мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн билим берүү жөнүндө мыйзам кабыл алынган. Бул мыйзам ар бир баланын акысыз жана сапаттуу билим алууга укугун камсыздаган. 1990-ж. – IDEA (Individuals with Disabilities Education Act) – бул мыйзам аркылуу “атайын билим берүү” жана “инклюзивдик билим берүү” толук кандуу ишке кирген. ADA (Americans with Disabilities Act, 1990) – мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын укуктарын коомдук чөйрөдө, анын ичинде билим берүүдө коргогон эң негизги мыйзам [8].

“Эң аз чектөөчү шарт” принциби. Балдар мүмкүн болушунча кадимки класстарда билим алышы керек. “Акысыз жана ылайыктуу билим берүү”. Ар бир бала акысыз жана өзүнүн муктаждыктарына ылайык билим алууга укуктуу. Ар бир окуучу үчүн – жекелештирилген билим берүү планы түзүлөт.

Ата-энелер билим берүү процессине активдүү катышат. Инклюзия АКШда “ар түрдүүлүк жана тең мүмкүнчүлүк” саясатынын негизги бөлүгү катары каралат.

Инклюзивдик билим берүүдөгү жетишкендиктерине токтоло кетсек: Балдардын көбү жалпы билим берүү мектептеринде окуйт. Инклюзия мыйзамдык жактан бекемделгендиктен, мугалимдер жана мектептер аны милдеттүү түрдө ишке ашырууга тийиш. Мектептерде адистердин көптүгү жана ресурстардын жетиштүүлүгү (айрыкча өнүккөн штаттарда) инклюзияны жогорку деңгээлде камсыз кылат.

Жетишкендиктер менен бир катар кыйынчылыктар да жок эмес. Алар: Штаттар боюнча айырмачылыктар бар: өнүккөн штаттарда инклюзия жакшы иштесе, айрым аймактарда ресурстар жетишсиз. Мугалимдерге кошумча жүк түшөт, айрыкча чоң класстарда. Каржылоо көйгөйлөрү дагы деле талкууланып келет.

Эми Азия өлкөлөрүнүн тажрыйбасына да токтоло кетсек. Биринчи сөз кылуучу мамлекеттердин бири бул – Япония. 1947-жылдан тартып Японияда мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн атайын мектептер ачыла баштаган. 1979-жылдан тартып мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын билим алуусу милдеттүү болуп калды. 2007-жылы билим берүү мыйзамдарына өзгөртүүлөр киргизилип, "атайын билим берүү" ордуна “атайын колдоосу бар билим берүү” түшүнүгү киргизилген. Бул термин инклюзияга өтүүнүн башталышын көрсөткөн [6].

Японияда үч жол менен билим берүү ишке ашат: Жалпы мектептерде толук инклюзия (балдар кадимки класстарда окушат, кошумча колдоо берилет); (балдар кадимки мектепке барып, айрым предметтерди өзүнчө атайын класстарда окуйт Ресурс класстар); Атайын мектептер (оор муктаждыктары бар балдар үчүн). Ошентип, Япония **“аралаш моделди”** колдонуп, акырындык менен толук инклюзияга өтүүдө.

Япония өлкөсүндө колдоо системасы да абдан жакшы өнүккөн. Ар бир мектепте ресурс мугалимдери жана ассистенттер иштейт. Балдар үчүн – жеке билим берүү планы түзүлөт. Мектептерде логопед, психолог, реабилитациялык адистер кызмат көрсөтөт.

Мындан тышкары мамлекеттик саясат жана коомдук мамиле да инклюзивдик билим берүүнү колдоп келет. Өкмөт инклюзияны билим берүүнүн стратегиялык багыты катары белгилеген. Коомдо инклюзия “коомдук гармония жана теңдик” философиясына негизделген. Ата-энелер билим берүү процессине активдүү катышат, мектеп-үй байланышы жогорку деңгээлде уюштурулган.

Башака өнүккөн мамлекеттердегидей эле Японияда да жетишкендиктер жана кыйынчылыктар кездешет. Өзгөчө муктаждыктары бар балдардын мектепке баруу көрсөткүчү дээрлик 100%ке жакын. Ресурс класстарынын системасы ийгиликтүү иштеп жатат (өзгөчө сенсордук жана окуудагы кыйынчылыктар үчүн). Мугалимдерди даярдоо системалуу: Японияда инклюзивдик педагогика боюнча адистешкен университеттик программалар бар. Кыйынчылыктар: Аймактар ортосунда ресурстар бирдей эмес. Кээ бир ата-энелер дагы деле атайын мектептерди артык көрүшөт. Жалпы класстарда окуган балдарга толук көңүл буруу үчүн кошумча кадрлар жетишпей калат.

Дагы бир сөз кыла турган мамлекеттердин бири бул Түштүк Корея. 1977-жылдан тартып мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын билим алуусу мыйзам менен корголгон. 1994-жылы Инклюзивдик билим берүү саясаты расмий түрдө башталган. Азыркы учурда Special Education Promotion Act мыйзамы иштейт.

Түштүк Кореяда балдардын көпчүлүгү жалпы мектептерде окуйт, бирок атайын класстар да бар. Ар бир окуучу үчүн жеке план түзүлөт. Мугалимдерге жана мектептерге кошумча каржылык жана методикалык колдоо берилет.

Башка мамлекеттердей эле Түштүк Кореяда да жетишкендиктер жана кыйынчылыктар бар. Ошолорго токтоло кетели. Инклюзивдик билим берүүдө технологияны колдонуу күчтүү (онлайн платформалар, атайын тиркемелер). Университеттерде инклюзивдик педагогика боюнча атайын программалар бар. Мектептерде психологдордун жана атайын педагогдордун ролу чоң. Кыйынчылыктарга инклюзиянын деңгээли шаарларда жогору, айыл жерлеринде мүмкүнчүлүктөр чектелүү. Коомдук көз караш толук өзгөрө элек, айрым учурда дискриминация кездешет.

Дагы бир өнүгүүсү боюнча алдыңкы өлкөлөрдүн бири болгон тКытай мамлекетиндеги инклюзивдик билим берүүнү карап көрөлү. 1980-жылдардан баштап "мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын билим алууга укугу" мамлекеттик деңгээлде колдоого алынган. 1994-жылы "Учурдагы шарттарга ылайык класстарга жайгаштыруу" **(**Инклюзиянын негизги формасы – жалпы мектепке жайгаштыруу. Айыл жерлеринде атайын мектептер жетишсиз болгондуктан, инклюзия зарылдыкка айланган. Балдар үчүн жеке окуу пландары жана атайын адаптацияланган окуу материалдары колдонулат.

Башка мамлекеттердей эле Кытайда да жетишкендиктер бар. Алар төмөнкүлөр: 80%дан ашык мүмкүнчүлүгү чектелген балдар жалпы мектептерде окуйт. Айрым чоң шаарларда (Бээжин, Шанхай) атайын ресурс борборлору жана инновациялык моделдер иштелип чыккан.

Ошону менен бирге эле кыйынчылыктар да Кытай мамлекетинде жок эмес. Окутуунун сапаты региондор боюнча айырмаланат. Мугалимдердин инклюзивдик даярдыгы жетишсиз. Айрым ата-энелер өз балдарын атайын мектепке берүүнү артык көрүшөт.

Эми инклюзивдик билим берүүнү коңшу өлкөлөрдөгү абалына токтоло кетели.

Казакстан өлкөсүндө 2015-жылы “Билим берүүнү өнүктүрүү боюнча мамлекеттик программада” инклюзивдик билим берүү өзгөчө багыт катары белгиленген. 2019-жылы “Билим берүү жөнүндө” мыйзамга өзгөртүүлөр киргизилип, мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын тең укуктуу билим алуусу кепилденди.

Башка мамлекеттердей эле Казакстандагы жетишкендиктерди баса белгилеп кетели. Жалпы билим берүү мектептеринде ресурс борборлору ачылган. Алар психологиялык-педагогикалык колдоо көрсөтөт. Логопед, дефектолог, тьюторлордун институту өнүгүүдө. Айрым балдар инклюзивдик класстарда билим алса, кээ бирлери атайын мектеп-интернаттарда кала беришет. Балдарга жеке билим берүү программалары иштелип чыгат. Ата-энелерди окутуу жана коомдук уюмдарды тартуу ишке ашырылууда. Электрондук билим берүү ресурстары түзүлүп жатат.

Ошондой эле кыйынчылыктар да жок эмес.  Аймактар боюнча инфраструктура бирдей эмес. Инклюзивдик педагогдор жетишсиз. Коомдук стереотиптер дагы деле бар.

Дагы бир коңшу өлкөлөрдүн бири Өзбекстан. Бул мамлекетте 2020-жылы “Билим берүү жөнүндө” жаңы мыйзам кабыл алынып, инклюзивдик билим берүү расмий түрдө киргизилген. Өкмөттүн 2021–2025-жылдарга карата билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясында инклюзия өзгөчө орунда турат. Жалпы билим берүү мектептеринде инклюзивдик класстар ачылууда. Ресурс борборлору түзүлүп, мугалимдерге методикалык жардам көрсөтөт. Атайын педагогдорду даярдоо боюнча жаңы университеттик программалар ачылган. Мектептерде психологдор, дефектологдор жана ассистенттер иштейт. Балдар үчүн индивидуалдык билим берүү пландары иштелет. Эл аралык уюмдар (ЮНИСЕФ ж.б.) менен биргеликте долбоорлор жүргүзүлүүдө. Кыйынчылыктар: Финансылык ресурстар чектелүү. Айыл жергесинде инфраструктура жетишсиз. Коомдо мүмкүнчүлүгү чектелген балдарга болгон мамилени өзгөртүү зарыл.

Эми Кыргызстандагы инклюзивдик билим берүүгө кененирээк токтоло кетели. Кыргызстанда инклюзивдик билим берүүнүн өнүгүшү 2000-жылдардын башынан тартып эл аралык долбоорлор аркылуу башталган. 2009-жылы Өкмөт "Мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды билим берүү процессине кошуу боюнча концепцияны" кабыл алган. 2019-жылы “Билим берүү жөнүндөгү” мыйзамга өзгөртүүлөр киргизилип, ар бир бала тең укуктуу билим алууга укуктуу деп так белгиленген. 2021–2040-жылдарга карата Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясында инклюзивдик билим берүү артыкчылыктуу багыт катары көрсөтүлгөн.

Азыркы учурда жалпы билим берүү мектептеринде **инклюзивдик класстар** ачылып жатат. Бишкек, Ош, айрым облустарда ресурс борборлору (ресурс класстары) иштеп, логопед, дефектолог, психологдор кызмат көрсөтөт. Балдардын муктаждыктарына жараша жеке билим берүү планын (ЖБП) иштеп чыгуу тажрыйбасы киргизилген. Мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде да инклюзияны киргизүү аракеттери жүрүүдө.

Инклюзивдик билим берүүнү колдоо ар тараптан болуп атат. Алардын кээ бирлери төмөнкүлөр деп белгилеп кетсек болот: Психологиялык-медико-педагогикалык консультациялар (ПМПК) аркылуу балдардын өзгөчө муктаждыктары аныкталат жана сунуштар берилет. Мугалимдерди даярдоо жана кайра даярдоо иштери И.Арабаев атындагы КМУ, ОшМУ, Ж.Баласагын атындагы КУУ ж.б. ЖОЖдордо жүргүзүлөт. ЮНИСЕФ, DVV International, Save the Children, Сорос-Кыргызстан фонддору инклюзивдик билим берүү долбоорлорун ишке ашырып келет.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин жана Азия Өнүктүрүү Банкынын инклюзивдик билим берүү боюнча «Өзгөчө муктаждыктары бар балдардын сапаттуу негизги билимге жетүүсүн жогорулатуу» долбоорунун алкагында, Япониянын Жардылык фондунун техникалык колдоосу менен **«Жогорку окуу жайларында инклюзивдик билим берүү» боюнча колдонмо** иштелип чыккан. Ошондой эле педагогикалык адистиктер боюнча пилоттук жогорку окуу жайларынын окуу пландарына **«Инклюзивдик билим берүү» курсу киргизилип,** психофизикалык өнүгүүсүндө бузулуусу бар балдар үчүн атайын мектептердин 1–4-класстарына арналган **куррикулум** иштелип чыгып, учурда апробация стадиясында турат.

Мындан тышкары, пилоттук райондордо балдарды аныктоо жана жалпы билим берүү мектептерине багыттоо үчүн **7 психологиялык-медико-педагогикалык консультация (ПМПК)** түзүлгөн. Борбор Азиядагы Евразия фондунун колдоосу менен ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдар менен иштөө боюнча ата-энелер үчүн **методикалык колдонмолор топтому** иштелип чыккан. Ошол эле жылдары жалпы мектепке чейинки уюмдардын шартында өзгөчө муктаждыктары бар балдар менен иштөө боюнча **методикалык колдонмо** даярдалган. Пилоттук иш-чаралардын алкагында Чүй облусунун бир нече мектептеринде **ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн клубдар** уюштурулуп, ийгиликтүү иштеп жатат.

Акыркы жылдары ар кандай долбоорлордун алкагында ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды коштоп жүрүүнүн айрым элементтери киргизилген. Алардын катарына педагогдордун, окуучулардын жана ата-энелердин инклюзия маселелериндеги психологиялык-педагогикалык компетенттүүлүгүн өнүктүрүү кирет. Бүгүнкү күндө мүмкүнчүлүгү чектелген балага билим берүү процессинин шартында анын өнүгүшүн камсыз кыла турган, адистер тарабынан толук, системалуу уюштурулган жардам жана колдоо түрлөрү зарыл.

2015-2017-жылдарга карата социалдык өнүктүрүү программасынын стратегиясында **3 пилоттук Психологиялык-медико-педагогикалык коштоо кызматын** түзүү пландалган. Бул кызмат ар бир баланын мүмкүнчүлүгүнө жана муктаждыктарына ылайык, массалык мектептин шартында ийгиликтүү билим алуусу жана өнүгүүсү үчүн социалдык-психологиялык жана педагогикалык шарттарды түзүп берет [3].

**“Сорос-Кыргызстан” фондунун** каржылык колдоосу менен жана **Борбордук Азиядагы Евразия фондунун** долбоорунун алкагында үч мектептин базасында (№18 мектеп, Ош шаары; №8 мектеп, Нарын шаары; Лебединовка айылынын №1 мектеп-гимназиясы) коштоо кызматтары ачылган [4].

И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде да «Инклюзивдик билим берүү лабораториясы ачылып, азыркы учурда ийгиликтүү иштеп жатат.

Жетишкендиктер менен бир катар кыйынчылыктар да жок эмес. Аймактарда ресурстук база жана адистер жетишсиз. Көп учурда инфраструктура (пандус, атайын жабдуулар) талапка жооп бербейт. Коомдук пикирде дагы эле “атайын мектеп жакшы” деген түшүнүк бар. Мамлекеттик каржылоо чектелүү болгондуктан, эл аралык уюмдардын жардамына чоң муктаждык бар.

Бардык балдар билим алууга укуктуу. Эгерде айрым жерлерде бардык балдар үчүн билим алууга мүмкүнчүлүк чектелсе, анда жалпы системаны жакшыртуу үстүндө иштөө зарыл, ал эми айрым учурларда мектептен четтетилген же өзүнүн курдаштары менен бирге мектепте билим алууга мүмкүнчүлүгү жок балдарды колдоого өзгөчө аракет талап кылынат [1, б. 161].

Жыйынтыктап айтканда, инклюзивдик билим берүү бүгүнкү күндө дүйнөлүк билим берүү системасынын негизги багыттарынын бири болуп эсептелет. Ал ар бир баланын ден соолугуна, жынысына, этностук таандыгына жана социалдык абалына карабастан сапаттуу билим алуу укугун камсыздоону көздөйт. Тарыхый өнүгүү жолуна көз чаптырсак, мурун өзгөчө муктаждыктары бар балдар көбүнчө коомдон четтетилип келген. Бирок XX кылымдын акыркы чейрегинен тартып эл аралык актылар жана социалдык-демократиялык өзгөрүүлөрдүн негизинде инклюзия билим берүүнүн жаңы модели катары дүйнөлүк деңгээлде калыптана баштады.

Европа өлкөлөрүнүн (Скандинавия, Италия, Германия, Франция, Финляндия, Эстония) тажрыйбасы көрсөткөндөй, мамлекеттик саясат, ата-энелердин активдүү катышуусу, кошумча педагогдордун жана адистердин колдоосу инклюзивдик билим берүүнүн ийгиликтүү ишке ашуусуна өбөлгө болот. Ошол эле учурда АКШ, Япония жана Азия өлкөлөрүнүн практикасы ар түрдүү моделдер аркылуу (аралаш, толук инклюзия, ресурс класстар) инклюзияны ишке ашыруунун натыйжалуу жолдорун көрсөтүп жатат.

Кыргызстанда да акыркы он жылдыкта бир катар долбоорлордун алкагында инклюзивдик билим берүүнүн алгачкы кадамдары жасалды. Министрлик, эл аралык уюмдар жана жарандык коомдун колдоосу менен мыйзамдык жана усулдук негиздер түзүлүп, пилоттук мектептерде коштоо кызматтары ачылды. Бул жетишкендиктер инклюзияны улуттук билим берүү системасына жайылтуунун маанилүү кадамдары болуп саналат.

Демек, инклюзивдик билим берүү – бул коомдун демократиялык жана гуманисттик өнүгүүсүнүн көрсөткүчү гана эмес, ар бир баланын инсан катары өнүгүүсүн камсыздаган негизги шарт. Ал өлкөнүн билим берүү саясатынын өзөгүндө турушу зарыл жана мындан ары да комплекстүү, системалуу колдоону талап кылат.

**Пайдаланылган адабияттардын тизмеси:**

1. Иманкулова, С. Э. Инклюзивдик билим берүүдө гумандуулуктун орду / С. Э. Иманкулова // И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Жарчысы. – 2021. – No. 1. – P. 161-164. – DOI 10.33514/1694-7851-2021-1-161-164. – EDN ZZLLVE.
2. Иманкулова, С. Э. Основные подходы в исследовании инклюзивного образования / С. Э. Иманкулова // Вестник Кыргызского государственного университета имени И. Арабаева. – 2017. – № 4. – С. 293-296. – EDN VFIGTL.
3. Мамбетова С.: «Инклюзивное образование – это внимание, участие и сопереживание к каждому ребенку» Кут Билим 11.01.2016
4. Методические материалы по инклюзивному образованию / Фонд Евразия Центральной Азии, Фонд «Сорос-Кыргызстан». – Бишкек, 2016.
5. Митчелл, Д. What Really Works in Special and Inclusive Education: Using Evidence-Based Teaching Strategies = Что действительно работает в специальном и инклюзивном образовании: использование основанных на доказательствах педагогических стратегий. – Лондон: Routledge, 2014. – 368 с.
6. Накадзава, Дж. Inclusive Education in Japan: Approaches and Challenges = Инклюзивное образование в Японии: подходы и вызовы // Asian Journal of Inclusive Education. – 2012. – Т. 1, № 1. – С. 19–34.
7. Флориан, Л. Special or Inclusive Education: Future Trends = Специальное или инклюзивное образование: будущие тенденции // British Journal of Special Education. – 2008. – Т. 35, № 4. – С. 202–208.

8. UNESCO. Dakar Framework for Action: Education for All – Meeting Our Collective Commitments = Дакарские рамки действий: Образование для всех – выполнение наших общих обязательств. – Париж: UNESCO, 2000. – 78 с.
9. UNESCO. The Salamanca Statement and Framework for Action on Special Needs Education = Саламанкская декларация и рамки действий по образованию лиц с особыми потребностями. – Париж: UNESCO, 1994. – 48 с.
10. Эйнскоу, M. Improving Schools, Developing Inclusion = Улучшение школ, развитие инклюзии / М. Эйнскоу, Т. Бут, А. Дайсон. – Лондон: Routledge, 2006. – 224 с.

**Рецензент: педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Нуркулова Э.Р.**